Усулдук бирикмелер тууралуу ЖОБО

I.ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1 Усулдук бирикмелер жалпы билим берүү уюмдарынын усулдук кызматынын структуралык бөлүгү болуп эсептелет, мугалимдерди предметтер, билим берүү чөйрөлөрү, тарбиялык иштердин түрлөрү боюнча бириктирет.
1.2.Усулдук бирикмелер бир (бир нече) билим берүү чөйрөсүндө же чөйрөлөрүндө сабак өткөн үчтөн кем эмес мугалимден түзүлөт (КР орто жалпы билим берүүнүн Алкактык улуттук куррикулумунун сунушу менен)

- тилдик (мамлекеттик,расмий,эне тили (өзбекче,тажикче) жана чет тилдери);
- социалдык (тарых, жарандык таануу, этика,экономика);
- математикалык (математика, алгебра, геометрия);
- табигый-илимий (химия,биология,физика,география,астрономия);
- технологиялык (кол эмгек,черчение жана дизайн,компьютердик сабаттуулук);
- ден соолук маданияты (дене тарбия, сергек жашоо мүнөзүо,жашоо ишмердигинин коопсуздук негиздери,биология “Киши”);
- искусство (көркөм адабият,музыка,көркөм-сүрөт чыгармачылыгы,дүйнөлүк көркөм маданияты)
- башталгыч класстар

Жогорку же биринчи категориядагы предметтик-мугалим (класс жетекчиси) башкарат.
1.3. Ишмердүүлүктүн негизги багыттары,маани- маңызы, формасы,иштөө усулу билим берүү уюмунун милдеттерине жана максаттарына ылайык, анын мүчөлөрү аркылуу белгиленет жана билим берүү уюмунун усулдук кеңеши тарабынан бекитилет.
1.4. Билим берүү уюмдарында тарбиячылардан,класс жетекчилерден жана башкалардан турган усулдук бирикмелер да түзүлүшү мүмкүн.
1.5. Билим берүү уюмдарынын алдына коюлган милдеттерди комплекстүү чечүү зарылдыгына жараша усулдук бирикмелердин саны аныкталат, усулдук кеңештин чечими менен белгиленет жана билим берүү уюмунун директорунун буйругу астында бекитилет.
1.6. Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучуларды тийиштүү билим берүү чөйрөсүнө (чөйрөлүрүнө) дал келген предметтер боюнча даярдашат.
1.7.Усулдук бирикмелер директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын (директордун илимий-усулдук иштери боюнча орун басарынын) сунушу боюнча билим берүү уюмунун директорунун буйругу менен түзүлөт,кайра түзүлөт же жоюлат.
1.8. Усулдук бирикмелер түздөн- түз директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына баш иет (директордун илимий-усулдук иштери боюнча орун басары).
1.9. Усулдук бирикмелер өз ишмердүүлүгүндө Конституцияны, КР мыйзамдарын жана билим берүү чөйрөсүндөгү нормативдик-укуктук документтерди жетекчилике алат.

II. МУГАЛИМДЕРДИН МЕКТЕПТЕГИ УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРИНИН МАКСАТТАРЫ

2.1.Усулдук бирикмедеги педагогдордун чеберчилигин жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле жаш педагогтордун кесиптик өнүгүүсүн колдоо (насаатчылык)
2.2. Билим берүү чөйрөсүндөгү окутуунун сапатына, предметтер, окутуу чөйрөсү же чөйрөлөрү боюнча окутуунун максаттарына жана натыйжаларына бирдиктүү талапты камсыз кылуу.
2.3. Бирдиктүү билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүн, инсандын өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылууда чыгармачылык иш үчүн шарттарды түзүү.
2.4. Мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо.

III.МЕКТЕПТЕГИ УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Билим берүүнүн маселелери боюнча нормативдик жана усулдук документацияларды үйрөнүү жана мектептин деңгээлинде нормативдик документацияларды (нускамалар,жоболор,келишимдер) иштеп чыгуу.
3.2.Мектеп компонентин тандоого жана калыптандырууга катышуу.
3.3. Окутуунун ар түрдүү баскычтарын жана варианттуулугун эске алуу менен предмет боюнча автордук окуу программаларынын мазмунун талдоо жана түзүү.
3.4. Мугалимдердин жеке иш пландарын бекитүү, автордук программаларды жана усулдарды талдоо.
3.5. Которулуучу класстарды жыйынтыктоочу көзөмөлдүк процедуралар үчүн аттестациялык материалдарды бекитүү, бүтүрүүчү класстарда жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү үчүн аттестациялык материалдарды бекитүү (оозеки сынактар үчүн)
3.6. Предметти окутуу абалына талдоо жүргүзүү.
3.7. Белгилүү тематика боюнча мугалимдин өзүнө талдоо жүргүзүү жана жетишкен натыйжаларга анализ берүү менен сабактарга өз ара катышууну уюштуруу.
3.8. Предмет боюнча ар түрдүү авторлордун усулдук иштери менен таанышуу, предметти окутуунун усулдарын талдоо.
3.9. Предмет боюнча усулдук иштер менен таанышуу максатында, белгилүү бир темада ачык сабактарды уюштуруу.
3.10. Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу.
3.11. Предмет боюнча эксперименттик иштерди уюштуруу.
3.12. Предмет боюнча билим берүүнүн стандарттарынын негизинде программаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарын баалоодо бирдей талаптарды иштеп чыгуу.
3.13. Окуучуларды аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоонун системасын иштеп чыгуу (тематикалык, семестрдик, зачеттук ж.б.)
3.14. Билим берүү уюмунда предмет боюнча жумалыктарды (декада) уюштуруу жана өткөрүү; предмет боюнча олимпиаданын биринчи баскычын, конкурс, кароолорду уюштуруу жана өткөрүү.
3.15. Окуучулар менен предмет боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу (факультативдик курстар, ийримдер ж.б.)
3.16. Сабактын жабдылышы, окуу бөлмөсүнүн заманбап талаптарга жооп бериши, предметти окутуунун каражаттарын уюштуруу боюнча иштөө.
3.17. Усулдук бирикмелердеги жаш педагогдор менен иштъъ.
3.18. Чыгармачыл командировкалар тууралуу отчёттордуу угуу, квалификацияны жогорулатуу курстарындагы иштер, мугалимдердин кесиптик өзүн- өзү өнүктүрүү боюнча отчетторун жүргүзүү.

## IV. МЕКТЕПТЕГИ УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРДИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

4.1. Усулдук бирикменин мектептин иш планы, анын усулдук темасы, райондук (шаардык) усулдук бөлүмдөрдүн көрсөтмөлөрү чагылдырылган пландаштыруу иштерин жүргүзүү.
4.2. Отурумдарды өткөрүү.
4.3. Семинардык сабак, тренингдер, ачык сабактар ж.б. иш – чараларды өткөрүү менен мектеп ичиндеги системада квалификацияны жогорулатууну уюштуруу.
4.4. Предметтер боюнча класстан тышкаркы иштерди иштеп чыгуу.
4.5. Усулдук бирикменин ар бир мүчөсүнүн КТУсун аныктоо үчүн комиссия түзүү.

## V. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН ИШИН УЮШТУРУУ

5.1. Мугалимдердин усулдук бирикмеси өз ишин уюштуруу үчүн да жетекчини шайлайт.
5.2. Усулдук бирикменин ишмердүүлүгү мектептин иш планына, педагогикалык жамаат иштеп чыгууга кабыл алган усулдук темаларга, райондук, шаардык усулдук бөлмөлөрдүн сунуштарына таянуу менен жүзөөгө ашырылуучу пландаштыруунун негизинде уюштурулат. Пландаштыруу процессинде мугалимдин кесиптик жактан өзүн өнүктүрүүсүнүн жекече планы эске алынат.

5.3. Бирикменин иш планы жыл башында директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары тарабынан бекитилет.
5.4. Мугалимдердин усулдук бирикмеси семинардык сабактарды, белгилүү жана берилген тематика боюнча ачык сабактардын циклдерин уюштура алат.
5.5. Окуу жылынын ичинде мугалимдердин усулдук бирикмесинин төрттөн кем эмес отуруму өткөрүлөт.
5.6. Окуу жылынын ичинде класстан тышкаркы иш-чараларды жана тематикалык ачык сабактарды уюштуруу аркылуу бирден кем эмес практикалык семинар өткөрүлөт.
5.7. Окуу жылынын аягында билим берүү уюмунун директорунун орун басары усулдук уюмдун ишин анализдеп, усулдук бирикменин акыркы отурумунда келерки жыл үчүн ишти жакшыртуу сунуштарын берет.
5.8. Усулдук бирикменин документациялары мектепте үч жылга чейин сакталат, андан кийин усулдук бирикменин отурумдарынын токтомдору, мектептеги УБ иш пландары жана анализдери архивге 10жылга чейин сакталууга тапшырылат.

VI. МЕКТЕПТИН УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИН ДОКУМЕНТАЦИЯСЫ

6.1. Усулдук бирикмени ачуу жөнүндө буйрук.
6.2. Усулдук бирикменин башчысын шайлоо жөнүндө буйрук.
6.3. Усулдук бирикме жөнүндө жобо (КРдин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген же сунушталган).
6.4. Усулдук бирикменин мугалимдеринин функциялык милдеттери.
6.5. МУБнин өткөн жылдагы иштеринин анализи.
6.6. Усулдук иштин темасы, максаты жана негизги багыттары, жаңы окуу жылына милдеттери.
6.7. Усулдук бирикменин үстүбүздөгү окуу жылындагы иш планы, ачык сабактарды өткөрүүнүн графиги, УБнин мугалимдеринин предмет боюнча класстан тышкаркы иш-чаралары.
6.8. УБнин ишинин ар бир айга план-сеткасы.
6.9. Усулдук бирикмедеги мугалимдер туурасында маалыматтар банкы: сандык жана сапаттык курамы (жашы,билими,адистиги,берген сабагы,педагогикалык жана жалпы стажы, квалификациялык категориясы,сыйлыктары, наамы, үй телефону).
6.10. УБдеги мугалимдердин өзүн-өзө өнүктүрүү темалары боюнча маалыматтар, чыгармачылык отчеттор, иштиктүү оюндар ж.б.).
6.11. Усулдук жумалыкты өткөрүү планы (эгер УБ өз алдынча өткөрсө).
6.12. Программалар (предмет боюнча автордук,факультативдик, ийримдик).
6.13. Окуу программалары жөнүндөгү маалымат жана аларды предмет боюнча окуу – усулдук жактан жабдуу.
6.14. Календарлык- тематикалык пландаштыруу (предмет боюнча, жекече, факультативдик сабактар боюнча, предмет боюнча ийримдер).
6.15. ВШК ( экспресс, маалыматтык жана аналитикалык справкалар, диагностика).
6.16. Усулдук бирикменин отурумдарынын токтомдору.

VII. УСУЛДУК БИРИКМЕ МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРА

7.1. Мугалимдердин кесиптик деңгээлин көтөрүү үчүн сунуштарды даярдоо.
7.2. Мектепте окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуш киргизүү.
7.3. Усулдук бирикмеде топтолгон алдыңкы педагогикалык тажырыйбалардын материалдарын жарыялоону сунуштоо.
7.4. Мектеп администрациясына усулдук бирикменин мугалимдерин эксперименттик ишмердүүлүккө активдүү катышкандыгы үчүн сыйлыкка көрсөтүү маселесин коюу.
7.5. Квалификацияны жогорулатуунун ар түрдүү формаларын сунуштоо.
7.6. Мектеп директорунун орун басарларына окуу ишмердүүлүгүнүн көйгөйлөрү жана окуучулардын тарбиясы боюнча консультация үчүн кайрылуу.
7.7. Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана анын мазмуны тууралуу сунуш киргизүү.

7.8. Усулдук бирикме тарабынан “Жылдын мугалими” жана “Эң мыкты класс жетекчи!” карoo-сынактарына катышууга мугалимдерди көрсөтүү.

## VIII. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ

Усулдук бирикме мүчөлөрү төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:

8.1. Кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө иштөө.

8.2. Усулдук бирикменин отурумдарына, практикалык семинарларга, алдыңкы иш-тажрыйбасы бар мектептердин илимий-усулдук семинарларына ж.б катышууга

8.3. Педагогикалык ишмердүүлүктөгү өзүн- өзү анализдөөнүн негиздерин билүүсү.

8.4. Усулдук бирикменин усулдук жана маалымат иштерине катышуу.

8.5. Окулуучу предметтин, курстун, факультативдин ж.б. илимий-усулдук мазмунун илимий – усулдук камсыз кылуу боюнча документтерди иштеп чыгуу.

8.6. Окуу предметтерин окутууну пландаштыруу, болжолдоо, аныктоо суроолору боюнча чыгармачыл отчетторду жүргүзүү.

8.7. Тажрыйбаны жалпылап, аны билим берүү уюмундагы мугалимдер арасына жайылтуу.

8.8. Окуучуларды окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуу усулдары боюнча чыгармачыл отчетторду жүргүзүү.

8.9. Жаш мугалимдерге жардам көрсөтүү.

8.10. Мектептин педагогдору үчүн предметти окутуу усулунун актуалдуу көйгөйлөрү боюнча консультацияларды жүргүзүү.

8.11. Мектептин мугалимдери жана окуучулары үчүн илимий – практикалык конференцияларды өткөрүү жана ага катышуу.

## IX. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ

Мектептеги усулдук бирикменин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, билим берүү уюмунун директору бекиткен мектептеги усулдук иштердин пландарына жана мектеп ичиндеги көзөмөлгө ылайык директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары же илимий усулдук иштер боюнча орун басары тарабынан ишке ашырылат.

# Ата-энелердин милдеттери

1. Мамлекеттик жалпы билим беруу уюмдарында балдар менен мектеп жашындагы оспурумдордун милдеттуу турдо жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизки билим алуусуна

2. Мамлекеттик билим беруу уюмдарындагыдай эле мамлекеттик эмес жалпы билим беруу уюмдарында да Кыргыз Республикасынын ченемдик укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жондому, сабактардын тартиби, уйдон окуусуна жана дарылоо мекемелеринде окутууга:

3. Жалпы мектептик иш чараларды уюуштурууга жана аларды откорууго комок корсотот.

4. Жалпы билим беруучу уюмдардын окуучуларынын ата-энелери менен алардын укуктары милдеттерин тушундуруу, уйбулодо баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим беруучу уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жургузуу.

## Ата-энелердин укуктары

1. Жалпы билим беруу уюмдун жетекчисине жана башка да жалпы билим беруунун озун озу башкаруу органдары менен анын жетекчисине тийиштуу сунуштарды киргизип аларды коргоонун жыйынтыктары жонундо алардан талап кылууга.
2. Балдардын укугун коргоо маселелери боюнча билим беруу органдарында, билим беруу уюмдарына жана башкаларга тушунук алуу боюнча кайрылууга.
3. Окуучулардын билим алуусун женилдетуу жана анын сапатын жакшыртууну камсыз кылуу маселелери боюнча жалпы билим беруу уюмунун жетекчисинен маалымат алып анын ишин угууга, мектептин материалдык техникалык жактан камсыз болуп, аны бекемдоо боюнча мектептин жетекчисин угуп,андан маалымат алууга.
4. Класстык ата-энелер комитеттеринин чечимдери боюнча окуп жаткан окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу окулдорун) озунун отурумдарына чакырууга.
5. Жалпы билим уюмунун чектелуу актыларын талкуулоо иштерине катышууга.
6. Уй булосундо балдырын тарбиялоого баш тарткан ата-энелерге коомдук жаза берууго.
7. Комитетте жигердуу иштеп. Жалпы мектептик иш чараларды откоруудо комок корсоткон окуучулардын ата-энелерин сыйлоого.
8. Жалпы билим беруу уюмунун жетекчилигине окуучулардын ата-энелерине ортосуна балдары уй булолук жана коомдук тарбиялоо, окуучулардын кызыкчылыгын коргоо сыяктуу бирин бири оз ара тушунуу маселесин жонго салууга.
9. Ата-энелеридин комитетинин ишине катышпаган жана жоопкерчилиги томон же шалаакылыкка жол берген комитеттин айрым мучолорун кайра чакыртып алып конференцияга сунуш кылууга укуктуу.

# Ата-энелердин функциялары

1.Окуу тарбиялык процессти уюштуруу учун (окуу китептерин, корсотмо усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого,окутуу жабдуулары менен камсыз кылууга жана башка )опиталдуу шарттарды камсыз кылууга комок корсотот.

2.Класстык ата-энелер комитетердин иш аракеттерин кординациалайт.

3.Окуучулардын ата-энелеринин арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттерин жонундо тушундуруу иштерин откорот.

4.Жалпы мектептик иш чаралды откорууго комоктошот.

5.Жалпы билим беруу уюмун жаны окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

6.Жалпы билим беруу уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аректин уюштурууну,окуучулардын тамактануусун жана медициналык жактан тейлоосунун сапатын уюштурууну козомолдойт.

7.Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш жыйналыштарын откоруудо жалпы билим беруу уюумунун жетекчилигине жардамдашат.

8. Билим беруу процессин жузоого ашыруунун жана санитардык гигиеналык эрежелери менен нормаларын аткаруунун копсуздук шартарын уюуштурууга катышат.

9.Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ынгайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен оз ара аракетенет.

10.Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды, козомолсуз жана каоосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча жалпы билим беуу уюмдардын педагогикалык жамаатары менен бирге оз ара иш алып барат.

С.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто билим беруучу мектебинин жалпы педагогикалык жамаатынын жана ата-энелердин биргелешкен чогулушунун

Токтому №1

17.12.2021-жыл Сары-Кашка айылы

Катышуучулардын саны: 200

Кун тартибинде каралуучу маселелер:

1. «Козомолчулук кенешинин» жобосу менен тааныштыруу, «Козомолчулук кенешин» уюштуруу.
2. Мектептин «Козомолчулук кенешинин» башкаруу органынын курамын шайлоо.
3. Мектептин «Козомолчулук кенешинин» торагасын шайлоо.

Угулду : Кун тартибиндеги каралуучу 1-маселе боюнча соз мектептин директору Д.Кадыркуловага берилип, ал 2014-жыл. 30-майдагы КРнын №81 токтому менен жана КР2020-жылдын 1-августундагы №105 мыйзамынын негизинде чыккан «Козомолчулук кенешинин» жобосу менен тааныштырып, томонкулорго токтолду: «Козомолчулук кенешине» топтолгон ыктыярдуу акча каражаты мектептердин материалдык-техникалык базасын чындоого, оркундотууго, окуу кабинеттерин жакшыртууга, алып баруугa, ден соолуктарын чындоого, омурун коргоого комок корсотуу учун жумшалары боюнча билдируу жасап, мыйзамсыз акча каражатын топтоого тыюу салынарын, бул ыктыярдуу фонд экендигин жана ар кандай булактардан тушкон акча каражаттарын туура, мыйзамдуу пайдалануу учун жооптуу жетекчилик орган болушу керектигин, ал орган кезеги менен жумшалган акча каражаты боюнча жалпы ата-энелер чогулушунда жыл сайын отчет берип, коомдук угууну откоруп турары боюнча маалымат берип, «Козомолчулук кенешинин» максаттары, укук-милдеттери жана башкаруу органынын милдеттери,укуктары боюнча тушундурмо берди. Жарыш созго: Торокулова С., Долонбаев С., Нармырзаев О., Бегалиева Э. чыгып суйлошуп, алар бугунку кундо билим беруу тармактары жардамга муктаж экендигин белгилеп, «Козомолчулук кенешин» уюштуруу мыйзам ченемдуу корунуш экендигин баса корсотушту.

Кун тартибиндеги 2-маселе боюнча кошумча соз мектептин ата-энелер комитетинин торайымы Орункулова Ижабатка берилип,ал С.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто билим беруучу мектебинин «Козомолчулук кенешинин» башкармалыгынын шайлоодо томонкулордун кандидатурасын атады: «Козомолчулук кенештин» курамына М.Ботобаев,Н.Айталиева, Б.Ташбаева, Б.Калбаева, С.Торокулова, С.Долонбаев, З.Айтмырзаев, З.Рыскулова, Г.Туранова.

Жогорудагылардын кондидатураларын бир добуштан колдошуп, ата-энелер ачык добуш беруу аркылуу «Козомолчулук кенештин» курамына М.Ботобаев,Н.Айталиева, Б.Ташбаева, Б.Калбаева, С.Торокулова, С.Долонбаев, З.Айтмырзаев, З.Рыскулова, Г.Турановаларды шайлашты.

Угулду: Кун тартибиндеги 3-маселе боюнча соз с.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто билим беруучу мектебинин ата-энелер комитетинин жетекчиси Орункулова Ижабатка соз берилип, ал мектептин «Козомолчулук кенешинин» башкаруу органынын мучолорунун ичинен торагасын ачык добуш беруу аркылуу шайланарын билдирип, мучолору торагалыкка М.Ботобаевдин кандидатурасын корсотту. Жарыш созго мектептин директору Д.Кадыркулова, уюштуруучу А.Мырзакеевалар чыгып суйлошуп, М.Ботобаевдин кондидатурасын бир добуштан колдошту.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД
ОБЛАСТЫ АКСЫ РАЙОНунун
С. ЖОРОБАЕВ АТЫНДАГЫ №65 ЖАЛПЫ
ОРТО БИЛИМ БЕРУУЧУ МЕКТЕБИ
720603, Сары-Кашка айылы
А.Кадыркулов кочосу
Тел(+03742)6-04-99
ИНН 01203200910087

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ
ШКОЛА №65 ИМЕНИ С. ЖОРОБАЕВА
720603,село Сары-Кашка
Ул. А.Кадыркулова
Тел(+03742)6-04-99
ИНН 01203200910087

---

«28» 12 2021г.
№ 42

Аксы районунун билим беруу болумуно
С.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто
билим беруучу мектебинин
директору Д.Кадыркуловадан

Сунуш

Менин сунуш беруумдун себеби: мектептин алдында «Козомолчулук кенеши» уюштурулган. «Козомолчулук кенешинин» курамын буйрук менен бекитип беруу жагын Аксы райондук билим беруу болумунун алдында уюштурулган кенешти тандоо жана тузуу боюнча тузулгон комиссиядан суранам.

С.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто билим беруучу мектептин «Козомолчулук кенешинин» курамы томонкулор.

«Козомолчулук кенештин» торагасы: М.Ботобаев.
Катчысы: Н.Айталиева.

Мучолору: Б.Ташбаева.
Б.Калбаева.
С.Торокулова.
С.Долонбаев.
З.Айтмырзаев.
З.Рыскулова.
Г.Туранова.

Мектептин директору: Д.Кадыркулова

Каралды
Ата-энелер чогулушунда
№1 чечим
17.12.2021-жыл

БЕКИТЕМИН:
С.Жоробаев атындагы №65 жалпы
орто билим берүүчү мектебинин
директору: Д.Кадыркулова.
17.12.2021-ж

# С.Жоробаев атындагы №65 жалпы орто билим берүүчү мектебинин "Көзөмөлчүлүк кеңеши" жөнүндө ЖОБО

Көзөмөлчүлөр кеңеши төмөнкү ченем укуктук актылардын негизинде иш алып барат.

1.Кыргыз Республикасынын Конституциясы
2.Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамына (30.04.2003 №92)
3.Кеңеш 2014-ж 30-май №81 "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө мыйзамына"

1. **Жалпы жобо**
2. **Көзөмөлчүлүк кеңештин милдеттери жана максаттары**
3. **Көзөмөлчүлүк кеңештин функциялары**
4. **Көзөмөлчүлүк кеңешти түзүү тартиби жана анын компетенциялары**

Бул көзөмөлчүлүк кеңеш жөнүндөгү жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын аткаруу жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мындан аркы тең башкаруунун түрүн өркүндөтүү анын ичинде, бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу менен ага көзөмөл кылуу максатында иштелип жана кабыл алынды.

## 1.Жалпы жобо

• Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы көзөмөлчүлүк кеңеш (мындан ары – Камкордук кеңеш) юридикалык макамы жоктугуна карабастан, жалпы билим берүү уюмдарында терең башкаруучу, билим берүү уюмдарында, белгиленген максаттарга жетүү үчүн көмөк көрсөтүүчү функцияларды ишке ашыруучу, ошондой эле, кошумча (бюджеттен тышкары) каражаттарды тартуучу, алардын максаттуу колдонулуусун көзөмөлдөөчү орган.
• Демөөрчүлүк жардам – жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык жана окуу базасын колдоо үчүн юридикалык жана жеке тараптардын ыктыярдуу салымы.
• Көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөсү – кайтарымсыз негизде жалпы билим берүү уюмдарын тең башкаруудан ыйгарым укукта иш жүргүзөт.
• Көзөмөлчүлүк кеңешинин банктык эсеби – жалпы билим берүү уюмунун эсеби, ага демөөрчүлүк жардамдардан түшкөн каражаттар түшөт. Жалпы билим берүү уюмуна жана анын жамаатына көрсөтүлүүчү ар кандай ыктыярдуу финансылык жардамдар аталган эсеп аркылуу жүргүзүлөт.

## 2. Көзөмөлчүлүк кеңештин милдеттери жана максаттары.

окуу базасын чыңдоого багытталган уюмдардын жана жеке жарандардын биргелешкен аракеттерин бириктирүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюму тарабынан бюджеттен сырткаркы каражаттарды максаттуу колдонуусун көзөмөлдөө болуп саналат.

- Көзөмөлчүлүк кеңештин негизги милдетгери болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- Демөөрчүлүк жардамдарды жана гранттарды максаттуу жана рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;
- жалпы билим берүү уюмунун материаддык -техникалык жана окуу базасын чыңдоого, жакшыртууга, анын айлана тегерегин жана имаратын көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртууга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоого көмөктөшүү;
- окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;
- жалпы билим берүү уюмунун өнүгүү стратегиясын жана миссиясын аныктоого көмөктөшүү;

### 3. Көзөмөлчүлүк Кеңештин функциялары.

3.1. Көзөмөлчүлүк Кеңеши:

- жалпы билим берүү уюмунун өнүгүүсүн жана ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн бюджеттен сырткаркаражаттарды тартууга көмөктөшөт;
- жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык жамаатынын жана башка кызматкерлеринин эмгек шарттарын жакшыртууга жана уюштурууга көмөктөшөт;
- жалпы билим берүү уюмунда конкурстарды, мелдештерди жана башка массалык мектептен тышкаркы иш чараларды уюштурууга көмөктөшөт;
- жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык- техникалык базасын чыңдоого, мектептин имаратын жана айлана тегерегин көрктөндүрүүгө;
- жалпы билим берүү уюмунун иш аракеттеринин так иштөөсүн жогорулатууга багытталган демилгелерди талдайт жана көрсөтөт;
- жалпы билим берүү уюмунун уставында Камкордук кеңешинин компетенциясына кирген ар кандай суроолорду карайт;

3.2. Көзөмөлчүлүк Кеңеш башка башкаруу органдарынын компетенциясына кирген ишмердүүлүктөрдөн сырткары, жалпы билим берүү уюмунун өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруусуна байланышкан суроолорду карап чыгууга укуктуу.

### 4. Көзөмөлчүлүк Кеңеш түзүү тартиби жана анын компетенциялары.

4.1. Көзөмөлчүлүк Кеңеш пропорционалдуу негизде төмөнкү курамдан турат:

- инженерлер чөйрөсүнүн өкүлдөрүнөн;
- илимий жана били берүү уюмдарынан;
- эл аралык, коомдук бей өкмөт уюмдарынан;
- ата-энелердин бирикмелеринен;
- билим берүүнү башкаруу органдарынын өкүлдөрүнөн;
- жеке тараптардан:

4.2. Көзөмөлчүлүк Кеңештин курамы жалпы билим берүүчү уюмдардын педагогикалык курамы жана ата-энелердин, коомчулугунун өкүлдөрү катышкан чогулуштун чечими менен бекитилет.

4.3. Көзөмөлчүлүк Камкордук Кеңеш 11 адамдан кем эмес, 15 адамдан ашык эмес түзүлөт. Көзөмөлчүлүк Кеңештин ыйгарым укуктуу мөөнөтү — 3 жыл.

4.4. Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы ачык добуш берүү жолу менен Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүк менен 1 жылга шайланат (кайра шайланат).

4.5. Көзөмөлчүлүк Кеңештин төрагасы:

- Көзөмөлчүлүк Кеңештин иштерин уюштурат, ошондой эле, өз ара мамиле иштешүүдө Кеңештин ишин баардык мамлекеттик уюмдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу уюмдарында жана башка уюмдарда көрсөтөт.
- Кенештин отурумунда каралуучу маселерди күн мурунтан аныктап, Кеңештин отурумун чакырат.
- Кеңештин ишинин жыйынтыктарын жалпылаштырат, Кеңештин ишин жакшыртууга багытталган чараларды көрөт.
- Жалпы билим берүүчү уюмдарда түзүүчүлөргө, жергиликтүү мамлекетик администрацияга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына маалымат берет.
- Көзөмөлчүлүк Кеңештин чечимине ылайык башка функцияларды да аткарат.

4.6. Көзөмөлчүлүк Камкордук Кеңеш өзүнүн курамынан 3 жылдык мөөнөткө Кеңештин катчысын шайлайт.

4.7. Көзөмөлчүлүк Кеңештин катчысы:

- Кеңештин отурумун даярдоону камсыз кылат:
- Отурумдун убакты-саатын аныктап, Кеңештин мүчөлөрүн чакырат, отурум жүрүп жатканда, протокол толгурат;
- Кеңештин иш-кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт жана Кеңеш чыгарган чечимдердин аткарылыш мөөнөтүн көзөмөлгө алат;
- Кеңештин төрагасынын жана Кенештин берген тапшырмаларына
- ылайык башка функцияларды да аткарат.

4.8. Кеңештин мүчөлөрүнүн отурумуна кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышса өткөрүлүүгө мүмкүнчүлүк алат. Отурумга катышкандардын 2/3 кем эмес добушун алган чечим кабыл алынды деп эсептелет. Отурум зарылчылыктың чегинде, 3 айда бир жолу төраганын чечими менен өткөрүлөт. Кеңештин чечими Кенештин компетенциясынын алкагында гана кабыл алынат, протокол түзүлүп, төрага тарабынан кол коюлат.

4.9. Көзөмөлчүлүк Кеңештин курамына аймактык билим берүү башкармалыгынын органы өзүнүн өкүлүн үзгүлтүксүз жиберип турат.

4.10 Көзөмөлчүлүк Кеңештин шайлоосун жалпы билим берүүчү уюмдун администрациясы (мүдүрү) уюштурат.

4.11. Бир жалпы билим берүүчү уюмда бир камкордук көрүүчү Кеңеш иштейт.

4.12. Жалпы билим берүү уюмундагы бир эле Көзөмөлчүлүк Кеңештин мүчөсү Кыргыз Республикасынын башка бир экинчи камкордук Кеңешине кайталап мүчө боло албайт.

4.13. Көзөмөлчүлүк Кеңештин мүчөсү каалаган учурунда, Кеңештин курамынан чыгып кетүүгө укуктуу. Иш жүзүндө Кеңештин курамынан чыгып кеткенге чейин, ал бир ай мурун төрагага арызын берет.

4.14. Көзөмөлчүлүк Кеңештин же анын мүчөсүнүн ишин токтотуу тууралуу чечимди кабыл алуу жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык жана ата-энелердин коомчулугу катышкан чогулуштун компетенциясына тиешелүү.

**Кыргыз Республикасынын билим  жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин баштапкы кесип бирлик уюму жөнүндө**

**ЖОБО**

## *I.  ЖАЛПЫ  ЖОБОЛОР*

1. Баштапкы кесиптик бирлик  уюму менчигинин жана чарба жүргүзүүсүнүн түрүнө карабастан билим берүү жана илим системасынын мекемелеринде жана уюмдарында түзүлөт, КР билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин  Уставын жетекчиликке алуу менен өз мүчөлөрүнүн эмгектик, кесиптик, экономикалык жана социалдык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн жарандарды ыктыярдуу бириктирип турат.

2. Баштапкы кесиптик бирлик  уюмун түзүү үчүн эң кеминде үч кызматкердин болушу жетиштүү. Баштапкы кесиптик бирлик  уюмун түзүү кызматкерлердин жалпы чогулушунун токтому менен тастыкталат, анын көчүрмөсү аймактык (райондук, шаардык) кесиптик бирлик  комитеттерине же КР билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук Комитетине жөнөтүлөт.

3. Жогорку жана атайын орто окуу жайларында өз алдынча кесиптик бирлик  уюмдары түзүлүшү мүмкүн: профессордук-окутуучулар тутумунуку, аспиранттардыкы жана кызматкерлердики, ошондой эле студенттерди жана окуучуларды бириктирген баштапкы кесиптик бирлик  уюму, же КР билим  жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин  Уставына ылайык бириккен кесиптик бирлик  уюмдары.

4. Баштапкы кесиптик бирлик  уюмунун тутуму ошол билим берүү уюмунун кесиптик бирликтик  чогулушу (конференция) тарабынан бекитилет. Баштапкы кесиптик бирлик  уюмунун ичинде кесиптик бирликтин комитетинин чечими боюнча бөлүмдөр, факультеттер, бөлүмчөлөр, лабораториялар (кесиптик бирлик  бюросу), ошондой эле жогорку жана атайын орто окуу жайларынын студенттеринин топтору (кесиптик бирлик  тобу) боюнча кесиптик бирлик  уюмдары түзүлүшү мүмкүн.

5. Билим берүү жана илим уюмдарында уюмдун тутумдук түзүмүнүн өзгөчөлөнгөн бөлүмдөрүнөн жана Жобонун ушул бөлүгүндөгү  үчүнчү пунктта каралган учурлардан башка учурларда эки же андан көп баштапкы кесиптик бирлик  уюмдарын түзүүгө жол берилбейт.

6. Билим берүү же илим уюмунун менчигинин түрү өзгөргөн учурда баштапкы кесиптик бирлик  уюму менчигинин түрү өзгөргөн уюмдун баштапкы кесиптик бирлик  уюмунун кесиптик бирлик  мүчөлөрүнүн алдында мындан келип чыккан бардык мүлктүк жана башка укуктары жана милдеттенмелери менен мураскору болуп саналат.

## *II. УКУКТУК СТАТУСУ*

7. Баштапкы кесиптик бирлик уюму кесиптик бирликтин тиешелүү аймактык (райондук, шаардык) уюмунун жана КР билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук Комитеттин тутумдук түзүмү болуп саналат.

8. Баштапкы кесиптик бирлик уюмун мамлекеттик каттоонун зарылчылыгы тууралуу чечим баштапкы кесиптик бирликтик уюмдун чогулушунда (конференция) тиешелүү кесиптик бирликтин жогорку органы менен макулдашуу боюнча кабыл алынат.

9. Баштапкы кесиптик бирлик уюму өз ишмердигинде жумуш берүүчүгө, уюмду башкаруу органдарына, мамлекеттик органдарга жана саясий партияларга көз каранды эмес, аларга отчеттуу эмес жана алар тарабынан текшерилбейт, алар менен алакаларын бирдей укуктуу кызматташтыктын жана социалдык өнөктөштүктүн принциптеринде түзөт.

10. Баштапкы кесиптик бирлик уюму өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын "Кесиптик бирликтер жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт. Ал өз уюмунун чогулушуна (конференцияга) жана кесиптик бирликтин тиешелүү бирикмесине баш иет.

11. Баштапкы кесиптик бирлик уюму Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставында жана ушул Жободо каралган кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын жүзөгө ашырууну камсыз кылат.

12. Баштапкы кесиптик бирлик уюму кесиптик бирлик уюмунун чогулуштарында шайланышкан өзүнүн аткаруу органдарын ээ болот.

13. Кесиптик бирлик уюмунда кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн саны 15тен ашкан учурда кесиптик бирлик комитети, ал эми 15тен кем учурда кесиптик бирлик уюштуруучусу шайланат. Алар бир эле мезгилде билим берүү уюмунун кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн өкүлчүлүктүү органдары болуп саналышат. Кесиптик бирлик уюштуруучу кесиптик бирлик комитети менен бирдей укуктарга ээ.

14. Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун кесиптик бирлик комитетинин жыйындары эгер алардын ишине комитеттин мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышкан шартта мыйзамдуу деп саналат.

15. Зарыл болгон кворум болбогон шартта кесиптик бирлик комитетинин кабыл алган токтому жараксыз деп эсептелинет.

16. Бардык маселелер боюнча кесиптик бирлик комитетинин токтому анын жыйынына катышкан комитеттин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

17. Кесиптик бирлик уюштуруучусу бардык маселелер боюнча жеке чечим кабыл алат.

18. Кесиптик бирлик органынын мүчөлөрү (кесиптик бирлик комитети, кесиптик бирлик уюштуруучусу, кесиптик бирлик бюросу ж.б.у.с.) бул органдын тутумуна 5 жылга чейинки мөөнөткө шайланат.

19. Билим берүү уюмунда административдик кызматты ээлеген адам кесиптик бирлик комитетинин төрагасы (кесиптик бирлик уюштуруучусу) болуп шайлана албайт.

20. Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун жогорку органы болуп кесиптик бирликтин чогулушу (конференция) саналат, ал бекитилген регламент боюнча өткөрүлөт.

21. Чогулуш (конференция) эгер анын ишине ошол кесиптик бирлик уюмунун каттоосунда турган мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышкан шартта мыйзамдуу деп саналат.

22. Чогулуштун (конференциянын) чечими эгер чогулушка (конференцияга) катышкан кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн 50 пайыздан ашыгы добуш берген шартта кабыл алынды деп табылат.

23. Добуш берүү түрү (ачык же жабык) чогулуш (конференция) тарабынан аныкталат.

## *III. БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИРЛИК УЮМУНУН УКУКТАРЫ*

24. Баштапкы кесиптик бирлик уюму укуктуу:

- кесиптик бирликке мүчөлөрдү кабыл алууга жана андан чыгарууга;

- өздөрүнүн өкүлдөрүн кесиптик бирликтин жогорку органдарына шайлоого (делегаттоого), аларды чакырып алууга жана алмаштырууга;

- кесиптик бирликтин жогорку органдарына сунуштарды жана иш кагаздарынын долбоорлорун сунуштоого, алардын каралышынын жыйынтыктары тууралуу маалыматтарды алууга;

- кесиптик бирликтин жогорку органдарына кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында коргоо жөнүндө кайрылууга;

- кызматкерлердин кызыкчылыктарын жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, жамааттык келишимдерди (макулдашууларды) түзүүдө жана өзгөртүүдө, алардын аткарылышына көзөмөл кылууда, ошондой эле эмгектик талаш-тартыштарды кароодо өкүлдүк көрсөтүүгө;

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун ишмердиги жана кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо менен байланышкан талаш-тартыштарды чечүү үчүн мамлекеттик бийликтин тиешелүү органдарына жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына кайрылууга;

- аймактык кесиптик бирлик уюмунун ишмердигине, анын ичинде тармактык аймактык жана чөлкөмдүк макулдашууларды, жана башка макулдашууларды иштеп чыгуу жана түзүү боюнча иштерине сунуштарды берүүгө жана катышууга;

- кесиптик бирликтин жогорку органдарына массалык акцияларды, анын ичинде митингдерди, демонстрацияларды, жүрүштөрдү, пикеттөөлөрдү өткөрүү, иш таштоолорду

жарыялоо, ошондой эле баштапкы кесиптик бирлик уюму жүргүзүп жаткан иш аракеттерди колдоо тууралуу кайрылууга;

- кесиптик бирликтин тиешелүү аймактык уюмуна кеп-кеңештерди, жардамдарды жана колдоолорду, өз ишмердиги үчүн зарыл маалыматтарды алуу жана таратуу үчүн кайрылууга;

- кесиптик бирлик мүчөлөрүн сыйлоо тууралуу сунуш киргизүүгө.

## *IV. БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИРЛИК УЮМУНУН МИЛДЕТТЕРИ*

25. Баштапкы кесиптик бирлик уюму милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставын жана кесиптик бирликтин жогорку органдарынын чечимдерин аткарууга;

- кесиптик бирликтин максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууга катышууга, кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо тилектештикти көрсөтүүгө;

- кесиптик бирликке жаңы мүчөлөрдү тартуу боюнча иштерди, кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрүнүн учетун жүргүзүүгө;

- жамааттык келишимдерди (макулдашууларды) иштеп чыгууга жана түзүүгө, алардын аткарылышын көзөмөлдөөгө, социалдык-эмгектик мамилелерди жөнгө салуу боюнча башка макулдашуулардын түзүлүшүнө жана көзөмөлдөнүшүнө көмөк көрсөтүүгө;

- иш берүүчү тарабынан кесиптик бирликтик мүчөлүк акылардын толук жана өз убагында кармалышына жана которулушуна көзөмөл жүргүзүүгө;

- тиешелүү аймактык кесиптик бирлик уюмуна кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн саны, башка статистикалык маалыматтар, каржылык отчетторун жана башка бекитилген түрлөрдөгү маалыматтарды берип турууга;

- чогулуштун (конференциянын) кароосуна кесиптик бирликтин жогорку органдары тарабынан кароого сунуш кылынган маселелерди киргизүүгө;

- кесиптик бирликтин жамааттык аракеттерин уюштурууга жана өткөрүүгө тилектештик көрсөтүүгө жана катышууга;

-кесиптик бирликтин уюмдарына жана кесиптик бирликтин жалпы өзүнө зыян жана жоготуу алып келе турган аракеттерге жол бербөөгө.

## *V. БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИРЛИК УЮМУНУН ОРГАНДАРЫ*

26. Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун органдары болуп саналышат:

- чогулуш (конференция) – жогорку жетекчилик орган;

- кесиптик бирлик комитети – ар дайым аракеттене турган шайлануучу коллегиалдык жетекчи орган;

-текшерүү комиссиясы – көзөмөлдөөчү-текшерүүчү  орган.

27. Чогулуш (конференция):

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун ишинин негизги багыттарын аныктайт;

- шайлануучу кесиптик бирлик органдарынын (кесиптик бирлик комитети, текшерүү комиссия) ишмердиктеринин бардык багыттары боюнча отчетторун угат;

- шайлоо жолу менен кесиптик бирлик комитетин, текшерүү комиссиясын түзөт, баштапкы кесиптик бирлик уюмунун төрагасын шайлайт;

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун шайлануучу органдарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тууралуу чечим кабыл алат;

- кесиптик бирликтин тиешелүү аймактык уюмдарынын конференцияларына делегаттарды шайлайт, ошондой эле шайлануучу кесиптик бирлик органдарына бекитилген ченемге ылайык өзүнүн өкүлдөрүн делегаттайт;

- кесиптик бирликтин тиешелүү аймактык уюму менен макулдашуу боюнча баштапкы кесиптик бирлик уюмун кайра түзүү, ишмердигин токтотуу жана жоюу тууралуу чечим кабыл алат;

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун ишмердигинин башка маселелерин чечет;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставынын чектеринде кесиптик бирлик комитетине айрым ыйгарым укуктарды ыйгарат.

28. Кесиптик  бирликтин чогулушу кесиптик бирлик комитети тарабынан зарылчылыкка жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес чакырылат. Кесиптик бирликтин конференциясы кесиптик бирлик комитети тарабынан зарылчылыкка жараша, бирок  беш жылда бир жолудан кем эмес чакырылат. Чогулушту (конференцияны) өткөрүү күнү жана оруну, күн тартиби бекитилген мөөнөткө чейин 10 күндөн кем эмес убакытта жарыя кылынат.

29. Чогулуштун (конференциянын) чечими токтом түрүндө кабыл алынат, жыйын кагаз жүзүндө толтурулат.

30.  Кезексиз  чогулуш (конференция) кесиптик  бирлик  комитети кабыл алган чечим боюнча төмөнкү шарттарда чакырылат:

- өзүнүн демилгеси менен;

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун учетунда  турган кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмесинин талаптары боюнча;

- кесиптик бирликтин тиешелүү жогорку органынын талабы боюнча.

31. Кесиптик бирлик комитети талап кылынган күндөн 10 календардык күндөн кем эмес мөөнөттө чогулушту (конференцияны) өткөрүү тууралуу чечим кабыл алууга жана аны өткөрүү күнүн белгилөөгө милдетүү.

32. Кесиптик бирлик комитети:

- чогулушту (конференцияны) чакырат, алардын чечимдеринин аткарылышын жүргүзөт жана көзөмөлдөйт, кесиптик бирлик мүчөлөрүнө чогулуштун (конференциянын) чечимдеринин аткарылышы тууралуу маалыматтарды берет;

- кызматкерлерди кесиптик бирликтин катарына тартуу боюнча иштерди жана кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн учетун жүргүзөт;

- жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, жамааттык келишимдерди жана макулдашууларды түзүүдө, алардын аткарылышын көзөмөлдөөдө, ошондой эле эмгектик талаш-тартыштарды уюштурууну жана кароону башкарууга катышуу укуктарын жүзөгө ашырууда кызматкерлердин кызыкчылыктарын коргойт;

- иш берүүчү эмгек укуктарынын ченемдери камтылган уюмдагы ченемдик иш кагаздарын кабыл алып жатканда, ошондой эле иш берүүчүнүн демилгеси боюнча жана башка учурларда эмгек келишимдерин токтотууда КР Эмгек кодексинде каралган тартипте кызматкерлердин пикирлерин көрсөтөт жана коргойт;

- иш берүүчүлөр жана алардын өкүлдөрү тарабынан эмгек мыйзамдуулугун жана эмгек укуктарынын ченемдери камтылган башка ченемдик укуктук иш кагаздарынын аткарылышына кесиптик бирликтик көзөмөл жүргүзөт;

- КР мыйзамдуулуктарына ылайык кызматкерлердин талаптарын колдоо жаатында алардын жамааттык аракеттерин уюштурат жана жүргүзөт;

- билим берүү уюмдарын башкаруунун жетектөөчү кеңештерине, окумуштуулар кеңештерине, башка өкүлчүлүктүү органдарына шайлоо үчүн талапкерлерди сунуш кылат;

- кесиптик бирлик активин жана кесиптик бирлик мүчөлөрүн сыйлоо тууралуу сунуштама берет;

-кесиптик бирлик активин жана кесиптик бирлик мүчөлөрүн окутууну жүргүзөт;

- кесиптик бирликтин тиешелүү жогорку органы бекиткен ыйгарым укуктардын чектеринде баштапкы кесиптик бирлик уюмунун башкаруусунда турган мүлктү, анын ичинде акча каражаттарын башкара алат, алардын натыйжалуу колдонулушуна жоопкерчилик тартат;

- перспективалык жана учурдагы иштердин пландарын бекитет, статистикалык жана каржылык отчетторду кесиптик бирликте бекитилген формалар боюнча түзөт;

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун иш кагаздарынын учетун уюштурат жана сакталышын, алардын иш кагаздарын жүргүзүү номенклатурасына ылайык архивдик сакталууга өткөрүлүшүн камсыз кылат;

- ар жыл сайын кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн алдында отчет берет, аларды өз ишмердиги тууралуу, анын ичинде баштапкы кесиптик бирлик уюмунун чыгашалар жана кирешелер боюнча сметасынын аткарылышы жөнүндө дайыма кабарландырып турат,

- башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

33. Кесиптик бирлик комитетинин жыйындары зарылчылыкка жараша, бирок үч айда бир жолудан кем эмес чакырылат.

34. Кесиптик бирлик комитетинин жыйындарына милдеттүү түрдө протокол жазылат, ал протоколдор сактоо мөөнөтү боюнча “Туруктуу сакталуучу иштердин тизмесине” кирет. Кесиптик бирлик комитетинин төрагасы кесиптик бирликтин чогулуштарынын жана кесиптик бирлик комитетинин жыйындарынын иш кагаздарынын жүргүзүүсүнө жана сакталышына жеке жоопкерчилик тартат.

35. Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы жөнүндө Жобого ылайык тармактык кесиптик бирликтин көзөмөлдөө-текшерүү бирдиктүү кызматынын чектеринде аракеттенет.

## *VI. БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИРЛИК УЮМУН КАЙРА ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖОЮУ*

36. Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун ишмердигин токтотуу Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставына ылайык аны кайра түзүү жана жоюу жолдору аркылуу жүргүзүлөт.

37. Уюм аракеттенип жаткан мезгилде кабыл алынган иш кагаздары эгер ал уюм жоюлуп кеткен шартта КР “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык сакталат жана пайдаланат.